Буйрук № 84 көчүрмөсү

9-сентябрь 2020-жыл

“Мектеп документациясын жүргүзүүнүн талаптары жөнүндө”

Туйту Каракеев атындагы орто мектеби

2020-2021-окуу жылынын уюштурулушу,документацияларды так,ирээттүү, бирдей талап менентолтурууну колго алуу максатында

буйрук кыламын:

1.Класстык журналдарды жүргүзүүгө бирдей талаптар коюлсун.

1.2 Класстык журнал мектептин негизги документаиясы болуп саналсын жана даана, так,таза көк паста менен толтурулсун.

1.3 Класстык журналдын саптарын жана беттерин ондогонго,барак чаптаганга, замаска менен боегонго,карандаш менен жазганга,штрих колдонгонго жол берилбесин.

1.4 Сабакка келбеген бала “кж” деп белгиленсин.

1.5 Журналга алфавиттик катар менен окуучунун аты-жөнү жазылсын.Аты-жөнү кыскартылып жазылбасын. Бүткөн беттер толтурулуп турсун.

1.6 Предметтик- мугалимдер “5” баллдык шкала менен окуучулардын билимин бааласын.

1.7 Предметтер боюнча беттер базистик окуу планынын негизинде бөлүштүрүлсүн.

1.8 1-класстын билимин баалоо журналга коюлбасын. 2- класстын билимин баалоо 2-жарым жылдыкта журналга коюлсун.

1.9 Сабактардын өтүлгөн датасы, айы, М: 04.09. болуп коюлсун.

1.10 Сабактын темасы, практикалык-лабораториялык иштердин темасы кыскартылып жазалсын.

1.11 Үйгө берилген тапшырма кыскартылып,бети, параграф,үй тапшырманын мазмуну, М: окуп келүү, жаттап келүү, тартып келүү деп жазылсын.

1.12 Текшерүү иштеринин,диктант, эссе, дилбаян,лабораториялык- практикалык иштердин баасы ар бир окуучуга коюлсун.

1.13 Окуу жылынын ар бир чейрегинде чейректик баалар так коюлсун.Жумасына бир саат болгон предметтерге чейректик баалар 1,2-жарым жылдыкта гана коюлсун,М: 11-классында география жумасына 1 саат, 1, 2-жарым жылдыкта гана баа коюлсун.

1.14 Окуучунун коомдук пайдалуу жана коомдук тапшырманын эсеби бетине жарым жылдыктар боюнча конкреттүү милдеттер жазылсын.

1.15 Класстык журналдын арткы беттериндеги көрсөтмөлөр толук толтурулсун.

1.16 Класстык журналдардын толтурулушу жана сакталышы, абалы боюнча жоопкерчилик класс жетекчилерге жүктөлсүн.

1.17 Мугалимдерге класстык журналдарды толтуруу, иштөө боюнчаонлайн семинар 12.09 чейин өткөрүлсүн.

1.18 Ай сайын журналдардын абалы, толтурулушу текшерилип турсун.

2.Окуу башчысы Абылкасым кызы Гүлүмгө:

-класстык журналдардын абалы, толтурулушу, эскертүүлөр жана аларды аткаруу боюнча мөөнт коюлсун;

2.1 Окуучулардын өздүк делолорун жүргүзүү боюнча талаптар:

- окуучулардын өздүк делолору жыл бою класс жетекчи тарабынан толтурулат;

-өздүк делолор карандаш менен толтурулбайт, кагаз чаптаганга, оңдогонго болбойт;

-чейректер боюнча баалар өз убагында коюлуп,класстан класскакөчкөндүгү боюнча печать коюлсун;

2.2 Мектепке жаңы келген окуучунун өздүк делосунда сүрөтү, ата-энесинин арызы, толтурулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү, ИНН,медсправка, директордун печаты, колу болушу керек.

2.3 Чейрек сайын окуу бөлүм башчысы Абылкасым кызы Гүлүм өздүк делолордун толтурулушун текшерип турсун.

2.4 Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлгө алууну өзүмө калтырам.

Директор: Кадырова М.М.